*Жакышова Б.Ш.*

# ӨЗ АЛДЫНЧА ТАПШЫРМАЛАР – ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП БИЛҮҮ ИШ АРАКЕТИНИН ЭФФЕКТИВДҮҮ СТИМУЛУ

*Жакышова Б.Ш.*

# САМОСТОЯТЕЛЬНЫЕ ЗАДАНИЯ – ЭФФЕКТИВНЫЙ СТИМУЛ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ

*B.Sh. Zhakyshova*

# INDIVIDUAL TASK IS EFFECTIVE CHALLENGE TO STUDENTS' COGNITION ACTIVITY

*УДК: 370.187*

*Химияны окутууда интерактивдүү ыкмаларды ишке ашыруу жана окуучулардын билимге ынтызарлыгын күчөтүү максатында – оюн элементтерин сабактарга киргизүү. Оюнсуз эч кимди, эч нерсеге үйрөтө алууга мүмкүн эмес, анткени оюн гана реалдуу чындыкты практикада аткаруу менен, адам баласынын ой жүгүртүүсүн өнүктүрө алат. Окутуу процессинде оюнду кандайдыр бир окуу материалдык мазмунун өздөштүрүүгө багыттоо керек, башкача айтканда талаштуу суроолор, табышмактар, макалдар жана алардын маанисин чечмелөө аркылуу инсандын эффективдүү өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылуу жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *окутуу, интерактивдүү ыкма, интеллектуалдуулук чөйрө, топто иштөө, жупта иштөө, окуучулардын өз алдынчалуулугун активдештирүү.*

*В статье рассмотрена проблема обучения предмету "Химия" с целью повышения интереса учащихся к знаниям, используя интерактивные методы, внедряя элементы игровых технологий. В играх отражается реальность жизни и использование игр. Обучающие и познавательные игры повышают у учащихся мыслительную деятельность. В процессе обучения необходимо направлять игры для усвоения учебных материалов и наглядных пособий для использования спорных вопросов, загадок, пословиц и интерпретация их значения, обеспечивают у учащихся развитие и формирование личности.*

***Ключевые слова:*** *обучение, интерактивные приемы, интеллектуальная сфера, работа в группах, парная работа, активизация самостоятельности учащихся.*

*In teaching chemistry to heighten pupils' interest teachers use interactive methods together with game technologies. Games reflect the actuality of life and usage of games raises power of pupil's apprehension. During educational process it is important to direct games comprehend teaching materials using controversial questions, riddles, proverbs, and as a result analyzing solutions and answers provide developing and shaping pupil's personality.*

***Key words:*** *teaching, interactive methods, intellectual sphere, group work, pair works activation of students' independence.*

Окутуу процессинде ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен, окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүлөрүн калыптандырууга , жана аң сезимдүү активдүүлүгүн камсыз кылууга болот. Окуучулардын активдүү ой жүгүртүү иш аракетин уюштуруу, окууга болгон мотивациясын күчөтүү, өзүн-өзү баалоосунун өнүгүшүн камсыз кыла турган эмоционалдык факторлордон көз каранды. Инсандын эффективдүү өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылуу, анын уюштуруучулук иш аракетинин жогорку активдүүлүгүнөн көз каранды болот. Активдүүлүк себептери таанып билүү, эрк, мотиви, эмоциялары менен байланыштуу. Практикада окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусуна көбүрөөк көңүл бөлүнүп, тескерисинче эмоционалдык чөйрө анчалык эске алынбай калат. Ал эми эмоциялардын ролу адам баласынын жүрүм турумун башкарууда жогору. Башкача айтканда, алардын керектөөсүн жана алардын канаттануусун ойготуусу менен тыгыз байланыштуу. Ал эми окутуу процессиндеги функционалдык интеллектуалдуулук менен эмоционалдык чөйрөнүн дал келүүсү, иш аракеттин кайсы түрү болбосун ийгиликтүү ишке ашыруусун камсыз кылат.

Ошондуктан бул маселени ишке ашырууда, жалпы билим берүүчү мектептерде химия предмети боюнча түзүлгөн программаларда негизги түшүнүктөрдү калыптандырууда эске алынган. Бул бир жагынан, окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатса, экинчи жагынан окуучулардын позициясын күчөтөт, башкача айтканда өз иш аракеттерин уюштура билүү мүмкүнчүлүгүнүн жоопкерчилигин камсыз кылат.

Окуучулардын билимге ынтызарлыгын күчөтүү максатында – *оюн элементтерин сабактарга киргизүү*. Оюнсуз эч кимди, эч нерсеге үйрөтө алууга мүмкүн эмес, анткени оюн гана реалдуу чындыкты практикада аткаруу менен, адам баласынын ой жүгүртүүсүнүн өнүктүрө алат. Ошондуктан окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу сезимталдуу эмес.

Сабакта оюнду көбүрөк колдонгон мугалим – бул окуучулардын сүйүктүү мугалими, ал эми анын предмети алар үчүн кызыктуу предметтердин бири болуп калат.

Окутуу процессинде оюнду кандайдыр бир окуу материалдык мазмунун өздөштүрүүгө багыттоо керек, башкача айтканда талаштуу суроолор табышмактар, макалдар жана алардын маанисин чечмелөө ж.б. Төмөндө окуучулардын таанып билүүсүн активдештирүүгө багытталанган тапшырмалардын түрлөрүнө токтолобуз.

*Көңүл бурууну калыптандырууга багытталган тапшырмалар.*

Химия мугалими окуучулардын психологиялык абалын концентрациялап, көңүлүн топтоп химиялык обьектилерге буруусу зарыл. Химияны окутууда окуучулардын көңүл буруусун ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн, төмөнкүдөй ыкмаларды колдонсо болот:

- мугалим окутуунун бардык кырдаалында окуучуну байкагычтыкка жана ойлонуп жооп бергенге окутуусу керек. Берилген химиялык түшүнүктөрдө эмне өзгөчөлүктөр бар (атомдо, молекулада, затта, химиялык реакцияда, технологиялык процесстерде ж.б.)?

- химиялык реакцияларды жана процесстерди окутууда мугалим дайыма окуучуларды реакция жүргөн учурда эмне өзгөрүлгөндүгүн (агрегаттык абалыбы, түсүбү, эригичтигиби, чөкмөнүн чөгүшүбү, газдын бөлүнүшүбү, жылуулуктун, жарыктын, жыттын пайда болушубу ж.б.) баарын байкап турууга үйрөтүү;

- химиялык тексттерди окутканда мугалим окуучуларды тексттин мүмкүн болушунча бардык бөлүгүн өзүнүн көңүлүнө топтоп калууга, тезирээк окуганга, окугандарын мазмунун илип калганга үйрөтүү;

- окуучуларды бир эле убакта бир нече иштерди аткарууга үйрөтүү, алардын көңүл буруусун өнүктүрүүгө алып келет. Өзгөчө топтолгон оюнан башка жаңы ойго тез өтүп кетүү сапаттарын өнүктүрөт. Психологдордун айтуусунда окуучунун өзү сезип турган көңүл бөлүүсүн, айлана чөйрөдө өтүп жаткан окуяга тез буруп жиберүү абдан пайдалуу деп эсептейт;

- химия мугалими окуучунун көңүл буруусун бөлүштүрүүнүн жана концентрациялоонун ыкмаларын пайдалануусу зарыл.

*Окуучулардын көңүл буруусун өнүктүүрүгө багытталган тапшырмалар*

Мугалим окуучуларга жаңы билимди калыптандырууда жаратылышта жана коомдо болуп жаткан процесстердеги кездешкен карама-каршылыктарды илимий же тиричиликтеги кубулуштар, окуучулар менен бирдикте турмуштук тажрыйбалар аркылуу чече алат.

Мындай учурда мугалим окуучуларды карама-каршылыктарды чечүү максатында талкуулоо аркылуу, чечим чыгаруу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Окуучулардын көңүл буруусун түзүү б.а. кайтарым байланыш аркылуу ишке ашырууга болот. Химия сабагында окуучулардын көңүл буруусун өнүктүрүү үчүн ар кандай тапшырмалар бар. Алсак,

***1- тапшырма.* Таблицаны толтургула**

| Химиялык белги | Салыштырма атомдук масса | Химиялык формула | Салыштырма молекулалык масса. |
|---|---|---|---|
| S | | $SO_3$ | |
| O | | $Al_2O_3$ | |
| P | | $P_2O_5$ | |
| H | | $H_2O$ | |
| N | | $NH_3$ | |

***2- тапшырма.***

Төмөнкү реакциялардын ичинен кошулуу реакциялардын алдын бир сызык ( ____ )

Ажыроо реакцияларын алдын эки сызык (=)

Алмашуу реакцияларын үзүк сызык (- - - - )

Орун алмашуу реакцияларын толкун сызык ( ˜ ) менен сызып белгилегиле.

а) $4P + SO_2 == 2P_2O_5$

б) $Cu(OH)_2 \rightarrow CuO + H_2O$

в) $2NaCl + H_2SO_4 = Na_2SO_4 + 2HCl$

г) $2H_2 + O_2 = 2H_2O$

д) $Fe + CuSO_4 = FeSO_4 + Cu$

ж) $ZnO + H_2SO_4 = ZnSO_4 + H_2O$

з) $CaCO_3 \rightarrow Ca + CO_2$

и) $H_2 + CuO = H_2O + Cu$

**3-*тапшырма***

**“Химиялык лабиринт” – формулалардын жана коэффициенттердин ордун аныктагыла.**




***4- тапшырма* “Ашыкчасын алып ташта”**

а) көмүртек, алмаз, карбид, графит, карбин.

б) Акиташ. бор, мрамор, малахит.

в) акиташ сүтү, өчүрүлгөн акиташ, акиташ, акиташ суусу.

***5-тапшырма*** Үч мамычага жазылган заттардын формуласы берлиген. Ар бир саптан бул бирикмеге тиешеси жок заттын формуласын чийип салгыла.

| | | |
|---|---|---|
| HCl | CuO | $H_2SO_4$ |
| NaOH | $Fe(OH)_3$ | HCl |
| $Al_2O_3$ | $ZnBr_2$ | $CaCO_3$ |

***6-тапшырма*** Венндин диаграммасын пайдаланып, кайнатма туз менен канттын касиеттерин салыштыргыла.



***7-тапшырма*** Айланууларды иш жүзүнө ашыргыла.




Балдардын таанып билүүсүн активдештирүү максатында жетишпеген окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнө жараша тапшырмаларды берип, ошол тапшырмаларды аткарып келген болсо, алардын ийгиликтерин белгилеп, жакшы баа коё билүүнү да билиш керек. Анткени жетишкендик – ар бир окуучунун керек болсо адам баласынын мүмкүнчүлүгүнүн, өзүнүн иш аракетине ишенимдүү болгон көз карашын бекемдейт. Мындай учурларда окуучуларда баштаган ишти андан ары улантууга, жетишпегендиктерди жоюуга болгон абал пайда болот. Чындыгында эле окуучунун иш аракети жемиштүү жана ийгиликтүү болот. *Жетишкендиктин кырдаалы* – бул таанып билүү иш аракетинин эффективдүү стимулу. Ал ар бир адамдын (окуучунун) коомдо өзүнүн престижин башкача айтканда, ар бир адам баласы өзүн сыйлоого болгон керектөөсүн канааттандырат. Мугалим окуучуларга башка тапшырманы сунуштаса болот, анын жыйынтыгын кийин текшерип алса болот. Эң жакшысы болуп катар отурган окуучуларга бири биринин тапшырмасын текшерүүсүн, андан кийин доскадагы менен салыштыруусу саналат. Ошондуктан ушундай текшерүү менен бирге эле бардык окуучуларды катыштыруу менен сабак учурунда текшерүүнү да регулярдуу түрдө уюштурса болот.

Дагы бир стимул катары мурдатан бери эле пайдаланып келген *баа* эсептелет. Бирок ошол эле учурда окуучунун билимине коюлган баа анын жетишкендиктерин так чагылдыра алабы деген суроолор жаралат. Айрым теоретиктер баа коюуга каршы пикирлерин билдирүү менен, алардын оюу боюнча, окуучулардын жетишкендиктерин оозеки баалап, ал эми билим деңгээлин кандайдыр бир белгилер менен (мисалы цифралар менен) белгилөөнү сунушташкан. Анткени, мугалимдер жетишпеген окуучуга «2» деген бааны койгон учурда, бул окуучулардын окууга болгон каалоолору басандап, өзүн «жөндөмсүзмүн деп башка окуучулардан кем сезип калат. Бирок жогоруда көрсөтүлгөн негиздөөлөр жеткиликтүү негизделе элек.

Баарынан мурда, билимди өздөштүрүүдөгү жетишкендиктин денгээлин аныктоодогу баанын зарылдыгына токтолуп көрөлү. Кайсы гана адам баласы болбосун, канчалык деңгээлде ал өзү таасир этип атканын билгиси келет.

Бул максатта кайтарым байланышты ишке ашырышат жана көпчүлүк учурда балдарга тиешелүү. Алардын да, классташтарынын арасында канчалык денгээлде жетишкендиктерге ээ экендигин салыштырууга болгон керектөөлөрү өнүккөн. Буга байланыштуу алардын ар бири жакшы окугусу, алдынкы болгусу келет.

Демек, бул көз карашты алып караганда, окуучулардын фактылык жетишкендиктери анчалык маанилүү болбосо да, алардын таанып билүү иш аракетин стимулдаштыруу максатында жакшы бааларды коё билүү да пайдалуу. Бирок бул учурда төмөнкүдөй карама-каршылыктар пайда болууда жогорку баа окуучунун окууга болгон каалосун күчөтөт. Анчалык талапка ылайык келбеген тапшырманы аткарган учурда окуучунун айлана-чөйрөдө ордун туура таба билүүдөгү кайдыгерлигин камсыздайт. Башкача айтканда окуучулар кандай болсо да, тапшырманы оозеки же сүрөттөр, таблицалар, схемалар түрүндө жооп берүүгө үйрөнүп калышат.

Мындай карама-каршылыкты жоюу максатында, мугалимдин чыгармачылыгы жана балдардын психологиясы боюнча билими чоң роль ойнойт. Мугалим биринчиден, жетишпеген окуучуга баа коюп жатканда, анын жакшы сапаттарын белгилеп көрсөтүү менен, ал окуучудан келечекте көп нерселерди күтүүгө боло турганы жөнүндө комментарий жасоо зарыл. Бирок мындай иш аракеттер дайыма кайталанып туруусу милдеттүү эмес.

Мугалимдер, сабакта баланы кандайдыр бир нерсеге таң калтырып алсак, анда анын материалга болгон кызыгуусу жаралды деп эсептөөгө болот. Химия мугалимдерине мындай абал көпчүлүк учурда химиялык эксперимент учурунда байкалат (содага уксус кислотасын куюп, кадимки эле шарды үйлөө, химиялык реакция учурунда эритмелердин түстөрүнүн өзгөрүшү, кургак спиртте кальцийдин глюконатын күйгүзүү аркылуу ж. б.).

Ошону менен бирге эле окуу материалынан мазмунун өздөштүрүүдө салыштыруу, анализдөө, синтездөө, классификациялоо, жалпылоо сыяктуу ой жүгүртүү ыкмаларын колдонуу менен жашоосунда туура келген ар түрдүү кырдаалдарга баа бере алуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат демекчибиз.

Жыйынтыгында окуу-тарбия иштерин жүргүзүү процессинде мугалим чыгармачылык менен эмгектенүү аркылуу, окуучулардын таанып билүүгө болгон мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

**Адабияттар:**


1. Богоявленская Д.Б. – Психология творческих способностей. Учеб. пособие для студентов. Высш.учеб. заведений. «Академия». - М., 2002.
2. Додонов Б.Н. Эмоция как ценность.- М .,1978.
3. Зайцев О.С. Методика обучения химии.- М., 1999.
4. КолесниковЛ.С., Турченко В.Н., Борисова Л.Г. Эффективность образования. – М, 1991.
5. Маслоу А.Г. Мотивация и личность . СПб.: Евразия, 2001.
6. Пушкарева Ю.А. Игровые элементы на уроках как средство развития творческих способностей учащихся // Наука и школа.- 1999.-№5
7. Щукшина Г.И. Проблема познавательного интереса в педагогике. – М., 1971


**Рецензент: к.пед.н., доцент Карагозуева Г.Ж.**